## 3-секция. Педагогика жана психология

***Жапарова К.Б.*** *- НМУ*

# *Жаш педагогду кесипке адаптациялоо процессинин факторлору*

***Аннотация***

*Бул макалада жаш педагогдун профессионалдык адаптациялоо процессине таасир этүүчү факторлор, профессионалдык мотовация жана пайда болгон кыйынчылыктарды жоө билүү жолдору каралат.*

Кыргызстандагы азыркы билим берүү системасы, билим берүү мекемелеринде билим берүү процессин максималдуу уюштурууну, билим берүүнүн сапатын үзгүлтүксүз жогорулатып турууну жана жаш кадрларга көңүл бурууну талап кылат. Жаш педагог ишмердүүлүгүн баштаган учурда көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болот. Ушуга байланыштуу билим берүү мекемелеринде жаш кадрларга коюлган жогорку талап менен,профессионалдык компетенттүүлүктүн чектеринде, адаптациялануу потенциалы, профессионалдык компетенттүүлүгү, өзүнүн ишине психологиялык жактан даярдыгы жана азыркы мезгилдин талабы менен мүнөздөлгөн адаптациялоо кыйынчылыктарынын ортосунда карама-каршылык пайда болот. «Адаптациялоо потенциалы» деген түшүнүк көптөгөн авторлор тарабынан каралган. С.Ю. Добряк «адаптациялоо потенциалы» деген түшүнүктү «адаптивдүүлүк» түшүнүгүнө синоним катары, инсандын психологиялык адаптациялануууга болгон мүмкүнчүлүгү деп карайт. Инсандын адаптациялануу потенциалы Н.Л. Коновалованын айтуусунда адамдын өнүгүп турууучу психикалык ден соолугунун мүнөздөмөсү [1]. С.Т. Посохованын божомолунда, адаптациялануу потенциалында адаптациялануу мүмкүнчүлүгүнүн латенттүүлүгү инсандын активдүүлүгүнө жараша ишке ашат [3]. А.Г. Маклаковдун жана В.А. Кулгановдун эмгектеринде адаптациялануу потенциалынын компоненттери катары, индивидуалдык-психологиялык белгилерге баа берилип, алардын өнүгүү деңгээли потенциалдын чектерин жана кенен диапазондогу тышкы факторлорго ийгиликтүү адаптациялануу процесси каралат [2]. Инсандын ар кандай денгээлдеги психикалык адаптациялануусунун эффективдүүлүгүн мүнөздөөчү ички факторлорду изилдөө Ф.Б. Березиндин, А.А. Налчаджяндын, А.А. Реандын жана башкалардын эмгектеринде берилген. Профессионалдык ишмердүүлүк – ар бир адамдын негизги жашоо сферасы болгондуктан, адамдын профессионалдык адаптациялануу маселелерин изилдөө, тагыраак айтканда жаш педагогдордун профессионалдык адаптациялануу маселелерин изилдөө, эң башкы орунда турат. Профессионалдык адаптация – бул инсандын жаңы ишмердүүлүк шарттарына көнүүсү болуп саналат. Ошол эле мезгилде инсан менен профессионалдык чөйрө бири-бирине активдүү таасир көрсөтүп турууучу социалдык процесс. Профессионалдык адаптация, феномендин көп кырдуулугуна байланыштуу, инсандын социалдык-психологиялык адаптациялануусунун бир түрү катары каралып, азыркы мезгилде ар кандай аспекттерде изилденип жатат. Ошондуктан, профессионалдык адаптация – эки жактуу, инсан менен жаңы социалдык чөйрөнүн ортосундагы процесс. Мындай эки жактуу процессти анализдөө менен, профессионалдык адаптациялоонун факторлорун белгилеп кетсек болот, башкача айтканда процесстин жүрүшүнө, убактысына, темпине жана жыйынтыгына таасир этүүчү субңективдүү жана обңективдүү факторлор.

1.Обңективдүү факторлор – бул педагогдон көз каранды эмес факторлор. Бул ишти уюштуруучулук деңгээли, санитардык-гигиеналык шарттар жана билим берүүчү мекеменин материалдык-техникалык базасы, коллективдин көлөмү, мекеменин аброю, имиджи жана башкалар.

2.Субңективдүү факторлорго, инсандын негизги профессионалдык сапаттары, жумушчунун социалдык-демографиялык мүнөздөмөсү (жынысы, жашы, билими, квалификациясы, эмгек стажы, социалдык абалы жана башкалар); социалдык-психологиялык (ишке тартылуу деңгээли, профессионалдык баалуулуктар, иштөөгө даярдык, практикалуулугу, бат кабыл алуусу, өзүн-өзү контролдоо, рационалдуу иш кылуу, коммуникабелдүүлүк, өзүн-өзү таануусу, башкаларды жоопкерчиликтүү мамиле кылууга үйрөтүүсү жана башкалар); социологиялык (профессионалдык кызыкчылыктын деңгээли, иштин сапаттуулугуна жана эффективдүүлүгүнө моралдык жана материалдык кызыкчылыктар денгээли, квалификацияны жогорулатууга болгон кызыкчылык, профессионалдык ишмердүүлүк өтүп жаткан чөйрө, жана башкалар) кирет.

Кээ бир субңективдүү факторлорго токтоло кетели. Мисалы, жаш педагогдордун профессионалдык баалуулуктары жана өзүн аңдап билүүсү профессионалдык жактан өзүн көрсөтүү процессинде иштелип чыгат. Профессионалдык өзүн көрсөтүү – бул профессионалдык чөйрөдөгү башка жумушчулар менен аралашуу, калыптанып калган эмоционалдык байланыштардын негизинде профессионалдык ишмердүүлүктү жана өнүгүүнү стабилдештирүү болуп саналат. Ал профессионалдык «өсүү» механизмин көрсөтөт. Жыйынтыгында адамдын «Мен» – образын түзүүчүлөрдүн бирден бири болуп профессионалдык өзгөчөлүктүн түзүлүшү саналат.

Профессионалдык мотивация дагы негизги мааниге ээ. Ильин Е.П. профессионалдык ишмердүүлүктүн мотовдеринин үч тобун белгилеген: 1) коомдук мүнөздөгү каалоолор, адамдарга  пайда алып келүүнү аңдап билүү, профессионалдык ишмердүүлүктүн маанисине коомдук талаптар; 2) өзүн реализациялоого болгон канааттануу, адам жаратылышынан эле керектөөчү гана эмес,  ойлоп табуучу дагы; 3) өзү жана үй-бүлөөсү үчүн аныкталган бир материалдык ыңгайлуулуктарды түзүү. Бул мотивдер адамды ишмердүүлүккө активдүү катышууга жана эффективдүүлүк менен иштөөгө түрткү берет.

Педагогдордун профессионалдык ишмердүүлүгү өтүп жаткан чөйрө бир кырдуу эмес спецификасы менен шартталат. Бир жагынан ал педагог иштеп жаткан мекеменин материалдык-техникалык базасы болсо, экинчи жагынан ага билим берүү системасынын ар кыл компоненттери, иштин негизги багыттарын аныктаган билим берүү мекемесинин жетекчилиги, профессионалдык жактан жок болуп кетүүгө тоскоол боло турган ресурс катары коллегалар,  жана ошондой эле педагогдун өзүн көрсөтүүсү кирет.

Жогоруда көрсөтүлгөн жаш педагогдорду профессионалдык адаптациялоо өзгөчөлүктөрүнө ылайык кесипке киришүүгө тоскол болуучу себептер каралган. О.В. Богдановanын изилдөөлөрүнө ылайык педагогдордун ийгиликтүү профессионалдык адаптация процессине тоскол болуучу төмөнкү факторлорду белгилешет: жетишээрлик эмес профессионалдык даярдык; профессионалдык өсүүгө болгон начар мотивация; негизги профессионалдык сапаттардын жоктугу же жетишсиздиги. Инсандын профессионалдык сапаттарынын маанилүүлүгүн эске сала кетүү керек. Педагог инсандын профессионалдык калыптануусун шарттаган кенен спектрдеги адамдык сапаттарды алып жүрүүсү зарыл. Белецкая Я.Б. инсандын профессионалдык сапаттарынын негизгилерин белгилеп кеткен. Алардын ичинде эмпатияга, рефлексияга жана профессионалдык ой-жүгүртүүгө жөндөмдүүлүк негизгилердин бири болуп саналат.

Жаш педагогдор профессионалдык маанилүү билгичтиктер жана көндүмдөрдүн ичинен төмөнкүлөрдү белгилешкен: башкаларды окутуу жөндөмдүүлүгү, өзүнүн келечегин пландаштыруу жөндөмдүүлүгү, жоопкерчилик сезими, чыдамкайлык, өжөрлүк, башка бирөөнүн позициясын түшүнүүгө болгон умтулуу, иш аракеттеринин дыкаттыгы, өзүнүн оюн оозеки билдирүүгө болгон жөндөмдүүлүк, достук мамиле, башкалар менен тил табышуу, ишке болгон энтузиазм, тыкандык, иштеги ырааттуулук.

Жыйынтыктап айтканда, жаш педагогдорду профессионалдык чөйрөгө адаптациялоодогу негизги багыт болуп, педагогдун кесипке киришүү этабындагы инсандык адаптация потенциалын тынымсыз колдоо, жана ошондой эле жаш педагогдун профессионалдык ишмердүүлүгүнө коюлган талаптарга басымды туура коюу болуп саналат.

***Адабияттар***

1. *Кулганов В.А., Шенберг Л.С., Короткова И.А.* Исследование адаптационного потенциала личности у подростков и молодежи // Материалы научно-практической конференции «Ананьевские чтения-2005» / Под ред. Л. А. *Цветковой Л. М.* Шипицыной. СПб., 2005.
2. *Маклаков А.Г.* Личностный адаптационный потенциал: его мобилизация и прогнозирование в экстремальных условиях // Психологический журнал. Т. 22. 2001. №1.
3. *Посохова С.Т.* Психология адаптирующейся личности: монография. СПб., 2001.
4. Профессиональная деятельность молодого учителя. /под ред. С.Г.Вершловского, Л.Н. Лесохиной. – М., 1982.